157 (369)

ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Кыскача тарых
Шабдан жөнүндө

Инв. 180

369/158

Атабыз Шабдан
баатыр тууралу
жазылган тарих
кыскача менин билүү
Ю. Камал

Осмоналы жазган та-
рихтан баатыр тууралу
жазган жерин коюу
керек.

6/III.47. пос. Рыбачье.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 158
35 сар 1981
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

1947г. 1 январьдан баштап ата-
мыз Шабдан баатырдын авто-
биографиясын жана тарыхын
жазам. 1

---

Шабдан батыр Жантай уулу
1839ж. туулган. 1912г. 6 апрельде
жума куну, Чоң-Кеминде каза
болгон. Мурзосу Коң-Кеминде
Кожокмат деген жылганын озун-
дагы корстанга коюлган.
Шабдан баатырдын атасы, Жан-
тай баатыр Карабек уулу, бул
адам Тынайдын чоңу болгон.
Энеси Бааты байбиче, Шабдан
баатырдын жаш кезинде олгон.

Шабдан баатырды эмизип бак-
кан энесинин сөзу: Мени 3 жа-
шарга чейин эмип журду, ме-
нин эмчегимди жалгыз эмбей
жолдошторун алып келип чакыр
дагы эмчиме дечу эле дейт. Ки-
чине кезинен тартып жоомарт-
чылык белгизи бар эле деп ай-
тар эле энеси. Муну Ташмат
Ырысбай уулу айтты.
Жантай баатырга жигит
болуп жургон Сантаяк деген
казак болгон, Кыргыздар

казака аттанып барганда 2
бирге барыптыр Саптаяк
тойгону. Кара-Кий деген жер-
де тойго тартып айтыптыр.
Биз мал алабыз казактан, би-
рок артыбыздан казактар оурк-
жетип кийимибизди тоноп алат
биз кийимсиз үйгө барабыз деген
экен. Биз үйгө барганча Жантай
баатырдын эки аялы 2 эркек
торойт, бироонун өмүрү кыска
болот, бирө ~~…~~ казак-кыргызды
сурайт деген экен. Казак аялы-
нан төрөлгөн бала бир жаш-
дан кийин өлүптүр. Баалы
байбичеден туулган бала
Шабдан баатыр.

Баалы байбиче саяк уруу
кыргыздын кызы. Баалы бой-
го жеткенде саяктын бир карыя-
ясы айткан экен. Курман кожо
кулчугачтын бирөө алгыла
ушундан туулган бала журт
сурайт деген экен. Ушул уба-
кытта Жантай баатыр
алыптыр

Шабдан баатыр 13 жашка кел-
генде, ошол убакытта жоокер-
чилик, кыргыздын баатырла-
ры казактан жылкы тийип
келүүгө камданышкан экен,
ушул убакытта Шабдан баа-
тыр мен да барамын деп эр-
чиптир, Тилеугабыл деген
баатыр Жантайдан бей уш-
саатсыз алып кеткинибиз
болбос деп Жантайга бара-
шат, Шабдан да барамын
деп жатат деп айтып, ата-
сы ушуксат берди дейт.
Барсын, адам болсун же ол-
сун деп. Ушуксаат берип
конуп жортуулчулар жонолуп
кеткенден кийин, бир күн-
дук жерге кеткенден кийин
сыртынан кубалап жетип
атасы, ак боз бееңи союп
туло кылып батасын бе-
рип жонотконэкен дейт.
Ошол жолу 13 жашында
бир казакты ыргыта сай-
ган экен.